Каралды

Педкеңеш № 1

"31" 08 2022

Бекитемин

Мектеп директору

Исраилова А.Н.

" 1 " 09 2022

**Мектепке кызматкерлерди жумушка кабыл алуу, бошотуу жөнүндө**

**Жобо**

**Педагогикалык иш жүргүзүү укугу**

1. Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому,тийиштүү педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынат.
2. Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга мектепте иштөөгө жол берилбейт.
3. Мугалимдердин жана кызматкерлердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишими менен жөнгө салынат.
4. **Мугалимдердин укугу**

- Окутуунун, тарбиялоонун уруктарын, жалпы орто билим берүү программаларын,окуучулардын билимин баалоонун усулдардын өз алдынча тандоого, колдонууга
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негизинде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, усулдук колдонмолорду иштеп чыгууга жана колдонууга
- Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга.
- Өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатууга
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык жеңилдикерге
- Эс алууга укуктуу

**Милдеттүү:**

- Педагогикалык этиканы жана жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого
- Окуулардын өзгөчөлүктөрүн, жүрүм-турумдарынын жогорку ахлахтык сапаттарын тарбиялоо
- Мектептин ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык талаптарга ылайык келүүгө
- Өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө
- Окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү

**Иш берүүчүнүн укугу:**

1. ЭКде башка мыйзамдарга белгиленген тартипте жана негиздеде кызматкер менен эмгек келишимин түзүүгө, өзгөртүүгө жана бузууга
2. Эмгекти уюштурууга багытталган ченемдик актыларды кабыл алууга

Сканировано с CamScanner

3. Жамааттык сүйлөшүүлөрдү ,жамааттык келишимдерди түзүүгө
4. Кызматкерлердин укуктары менен таламдарын коргоогл
5. Кызматкерлерди сыйлоого
6. Кызматкерлерден мектепте эмгек тартибин жана эмгек келишиминин шарттарын аткарууну талап лкылууга
7. ЭКде жана башка мыйзамдарда белгиленген тартипте кызматкерлерди тартиптик жоопкерчиликке тартууга

**Иш берүүчүнүн милдеттери:**

1. Мыйзамдарды ,эмгек келишимдердин , хмакулдашуулардын шарттарын сактоого
2. Кызматкерлерге эмгек келиишиминде шартталган жумушту берүүгө
3. Кызматкерге бирдей эмгек үчүн бирдей акы төлөөнү камсыз кылууга
4. Кызматкерлерге эмгек акынын өз учурунда төлөнүсүнө
5. Эмгекти уюштурууга
6. Эмгекти коргоонун жана техникалык талаптарына жооп берүүгө шарттарды, эмгек коппсуздугун уюштурууга
7. Мамлекеттик көзөмөл органдарынын буйруктарын өз учурунда аткарууга
8. Кызматкерлерди мыйзамдарда белгиленген тартипте милдеттүү социалядык камсызданодырууну жүзөгө ашырууга

**Жумуштан бошотуу**

1. Кызматкерлер Эмгек Кодексинин 82-беренесине ылайык арыз менен кыйрылганда
2. Кандайдыр бир ишти аткаруу мезгилинде түзүлгөн эмгек келишими ошол иш бүткөндө
3. Иш ордунда жок кызматкерлердин милдеттин аткаруу убагында, кзматкер ишке чыккан учурда
4. Кызматкерлердин саны кыскарышы же штаттын кыскарышы
5. Медициналык корутундуга ылайык ден-соолугунун абалына байланыштуу
6. Аттестациянын натыйжаларында тастыкталган квалификациясынын жетишсиздиги
7. Кызматкерлердин тартиптик жазасы бар болсо, бир нече ирет жүйөлүү себепсиз эмгек милдеттемелерин аткарбаса
8. Эч себепсиз жумушка келбесе(3 сааттан ашуун катыры менен иште жок болсо)
9. Жумушка алкоголдук, баңги заттарга мас абалында келсе(медициналык дкорутунду, түзүлгөн акт менен тастыкталат)
10. Мектептен атайлап туруп уурдаса, бүлүндүрсө
11. Балдарды тарбиялоодо туура эмес моралга жат иштерди жасаса
12. Кызматкер иш берүүчүгө жасалма документтерди жа атайлап жалган маалыматтарды берсе.

Сканировано с CamScanner